**Изденүүчү Сапарбек Анарбекович Наркеевдин «Элдик оозеки чыгармалар – орус колониализми боюнча тарыхый булак катары (XIX кылымдын экинчи жарымы)» деген темада жазылган жана 07.00.07 — Антропология, этнология жана этнография адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн Кыргыз Улуттук Илимдер Академиясынын Б.Жамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтунун жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетинин алдындагы Д. 07.18.574. Диссертациялык Кеңешине сунуштаган диссертациялык ишине карата эксперттик комиссиянын төрагасы, тарых илимдеринин доктору, КУУнун профессору Тынчтыкбек Кадырмамбетович Чороевдин (Чоротегиндин)**

**КОРУТУНДУСУ**

Кыргызстандын оторчулук доорундагы архивдик жана жазма булактар терең изилденип келет жана бул жаатта Б.Жамгырчинов, А.Хасанов, К.Үсөнбаев, Т.Кененсариев сыяктуу илимпоздордун өзгөчө мектептери негизделген. Арийне, атамекендик тарыхнаамабызда оторчулук дooруна таандык фольклордук булактарды атайын булак катары изилдөө жаатында бөксө толтурула элек. Ошондуктан бул көйгөйдү алгачкы жолу диссертациялык деңгээлде иликтөө аракети колдоого арзыйт.

**1. “07.00.07 - Этнография, этнология жана антропология” адистиги боюнча даярдалган иштин *Д 07.18.574* Диссертациялык кеңешинин кароосунда коргоого акылуулугу.**

Изденүүүчү Сапарбек Анарбекович Наркеевдин «Элдик оозеки чыгармалар – орус колониализми боюнча тарыхый булак катары (XIX кылымдын экинчи жарымы)» деген темада жазылган кандидаттык диссертациясы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б.Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы тарых илимдеринин кандидаты (доктору) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча *Д 07.18.574* Диссертациялык кеңешинин профилдик багытына дал келет.

Сунушталган диссертациялык эмгекте Кыргызстандын тарыхындагы өзгөчө маанилүү баскычтардын бири — падышалык оторчулук доор, б.а.

хронологиялык жактан XIX к. экинчи жарымы — XX к. башындагы доор камтылган. Дисертацияда ушул доордогу кыргыз коомдундагы саясий турмуш гана эмес, ар кыл коомдук жагдайлар да элдик оозеки чыгармачылык үлгүлөрүнүн негизинде этнографиялык изилдөөгө алынган.

Бул мурда өзгөчө баса белгиленбеген оригиналдуу фольклордук-этнографиялык булактарга таянып жазылган диссертациялык эмгектин мазмуну, объектиси жана предмети 07.00.07 - этнография, этнология жана антропология адистигинин паспортуна толук төп келет.

Диссертациялык иштин негизги структурасы  кириш сөз, эки бап, алты параграф, корутундудан, адабият жана булактардын жалпы тизмесинен жана баалуу маалымат камтылган тиркемелерден турат.

**2. Сунушталган дссертациянын темасынын актуалдуулугу тууралуу жетишерлик ынанымдуу көрсөтүлгөн.**

Орусиянын оторчулук башкаруусу жөнүндөгү буга чейин ар тараптуу изилденген архивдик маалыматтарды жана башка тарыхый маалыматтарды элдик оозеки чыгармачылыктагы ж.б. фольклордук чыгармалардагы маалыматтар менен шайкеш кыла салыштырып иликтөө — заманбап кыргыз таануунун орчун көйгөйү. Дал ушул нук сунушталган диссертацияда алгачкы жолу жүзөгө ашырылган.

Быйыл Кыргызстан менен Орусия эриш-аркак кызматташуу жылын өткөрүп жатат. Дал ушул кезеңде падышалык оторчулук доорундагы Кыргызстандын өнүгүүсү, оторчулуктун оош-кыйыш жактары объективдүү, калыс таразаланып жаткандыгы алгылыктуу.

Кандидаттык диссертациянын **этнографиялык объектисин** Ала-Тоодогу кыргыздардын падышалык Орусиянын курамына каратылышынан кийинки мезгилдеги кыргыз элинин тарыхый эс тутумунда сакталган маалыматтарды иликтөө, асыресе, падышалык административдик-оторчул саясатты, социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдү, падышачылык бийликке каршы толкундоолорду жана улуттук боштондук көтөрүлүштөрдүдал ушул оозеки чыгармалардын маалыматына таянып талдап чыгуу түзгөн.

Бул диссертациялык эмгек атамекендик тарыхнаамадагы бөксөнү толтурууга салым кошо турган жаңычыл аракет болуп саналат.

**3. Илимий жыйынтыктар.** Диссертациялык иште камтылган бир катар жаңы тарыхый, этнографиялык жыйынтыктар жана тыянактар фольклордук материалдарды тарыхчы-этнограф катары иликтөөнүн натыйжасы болуп саналат.

Айрым бүтүмдөр төмөнкүдөй:

- кыргыздардын чыгаан тарыхый инсандарынын ичинде падышалык Орусиянын оторчул (колониалдык) бийлигине моюн сунгусу келбеген айдыңдар, кол башчылар жана башка төбөлдөр болгон; ошол эле учурда саясий кырдаалда элди кыргынга учуратпоо үчүн оторчулар менен мунасага барууга аргасыз болгон төбөлдөр да болгону кыргыз элдик оозеки чыгармаларында так чагылдырылган;
- падышачылыктын оторчул саясатынын маңызын, өзгөчөлүктөрүн изилдөөдө элдик оозеки чыгармалар баалуу булак болуп саналат;
- Кокон хандыгында адилеттүү мамлекеттик бийлик орнотуу үчүн жана Орусия империясынын баскынчылыгына каршы кыргыз элинин чыгаан өкүлдөрүнүн аракеттери тууралуу элдик оозеки чыгармалардын маалыматы — өтө баалуу;
- акындардын ырларынан, эл арасында тараган башка фольклордук чыгармалар – – падышалык Орусияга аймак каратылгандан кийинки чарбалык өзгөрүүлөр көркөм чагылдырылган таасын булак болуп саналат;

малдын сатыкка

- фольклордук материалдар — падышачылыктын болуш, бий институттары, сот системасы аркылуу оторчул башкаруу саясатын жүргүзгөнүн ырастаган баалуу булак;
- орус падышачылыгына каршы эгемендик күрөшү, мамлекеттүүлүк, азаттык идеяларынын кыргыз-казак акындарынын ырларынын мазмунундагы жалпылыктары Борбордук Азиядагы элдердин улуттук-боштондук күрөштөрүндө орток мүдөөгө ээ болгонун тастыктайт.

**4. Диссертациядагы методология жана усулдар.**

Изденүүчү С.А.Наркеев тарабынан фольклордук материалдарды изилдөөдө колдонулган медодологиялык усул жана ыкмалар заманбап мүнөзү менен айырмаланат жана мурдагы таптык көз карашка негизделген тар алкактан чыга алган.

**5. Диссертациялык иштеги ар бир илимий жыйынтыктын (жобонун), корутундунун жаңычылдыгынын децгээли.** Каралып жаткан диссертациянын тийешелүү бөлүмдөрүнүн ар бир жыйынтыктары негиздүү.

Эмгектин жаңычыл нуктарын төмөнкүдөй сыпаттасак болот:

Айрым фольклордук булактар пост-советтик доордо гана цензурасыз жарык көргөндүгүн жана илимий чөйрөгө азыр гана калыс иликтөө үчүн дайын болгондугун баса белгилөө абзел.

Диссертацияда Орусия падышалыгынын Кыргызстандын аймагындагы оторчул саясатын элдик оозеки чыгармаларга таянып илимий анализ жүргүзүү, салыштырма изилдөө аракети пост-советтик тарыхнаамабызда алгачкы ирет жасалды.

Мында Молдо Нияз, Арстанбек Буйлаш уулу, Молдо Кылыч, Алдаш Молдонун ж.б. чыгармаларындагы оторчул мезгилдеги социалдык-экономикалык, саясий, маданий турмуштагы жүрүмдөр, өзгөрүүлөр (анын ичинде оң жана терс жактары), оторчул саясаттын өзгөчө жактары, жана оторчул режимге карата жергиликтуу элдин мамилеси, улуттук боштондук кыймылдар тууралуу мол маалымат тарыхый-этнографиялык талдоого алынган.

Диссертациянын биринчи бабында негизинен Орусия падышачылыгынын өкүлдөрүнүнү, аскер төбөлдөрүнүн жана саякатчыларынын келе башташына жана оторчулардын бийлик жүргүзүүсүнө байланыштуу кыргыз коомундагы өзгөрүүлөр фольклордук чыгармачылыкта кандайча чагылдырылганынын изилдөө таржымакалы берилген.

Маселен, диссертант сарыбагыш уруусунун төбөлү Ормондун кыргыздардын бир катар урууларынын башын бириктирип, хан шайланышына байланыштуу элдик ырлар менен тарыхый окуяларды салыштырууга аракеттенген. Диссертант 1940-жылдардагы кыргыз тарыхнаамасынын мөмөсү

болгон эмгекти — тарыхчы Б.Жамгерчиновдун “Ормон хан доорундагы кыргыздар” деген эмгегин талдаган.

Оторчулук доорундагы өксүктөр менен катар эле прогрессивдүү өзгөрүүлөр да оозеки элдик чыгармаларда чагылдырылганына диссертант калыс назар салган.

Молдо Кылычтыкы делген: “...Тарыткан менен жериңди / Арзан баа кылды эгинди / Чабышып жаткан элиңди...” сыяктуу ыр саптары далилдегендей, кыргыз элинин турмушунда отурукташуу маданияты терендегендиги (тоолуу өрөөндөрдө - кайра башталгандыгы), тоолуу өрөөндөрдө жаңы курулуштар курула баштагандыгы, кыргыз элинин социалдык турмушунда чоң өзгөрүүлөр башталгандыгы оозеки чыгармаларда да таасын сүрөттөлгөн; бул жагдайларды диссертант өз маалында белгилейт.

Ошол эле мезгилде, оторчулук саясатка каршы улуттук боштондук көтөрүлүштөр да оозеки чыгармаларда дурус камтылгандыгын диссертант ишенимдүү мисалдар менен көрсөтөт.

Мисалы, диссертант 1873—76-жылдардагы Ферганадагы Кудаяр-ханга жана падышалык Орусияга каршы көтөрүлүш окуяларына карата элдин эс тутумунда калган элдик ырларга кайрылган: “...Кара-Дарыядан чаң чыкты / Карадан Болот хан чыкты...” деген ыр саптарына таянуу менен, Полот хан (Пулат хан) элдик көтөрүлүштүн башчысы гана болбостон, элдин ханы болгондугун элдик ырлар менен да тактоого аракеттенген.

Элдик айтымдарда эки Болот хан болгондугун изденүүчү өз диссертациясында калыс сөз кылган, бул олуттуу пикирлерди жаратат. Ал эми Анжиян кыргыздарынын азаттыкка умтулуусу тууралуу маалыматтар төкмө акын Токтогул Сатылган уулунун ырларында Мадали эшендин айткан сөзүнө ишенип, кордук көргөнүн айтуу менен бирге эле, орус аскери менен болгон кармаш жөнүндө: “Ак эшен ачкан урушта / Алты жүз киши атылды…” деп эркиндиктин, азаттыктын баасы үчүн көптөгөн адамдардын курман болушу тууралуу айтылганы диссертацияда белгиленет.

1898-жылдын майындагы Анжыян шаарындагы жана ага жакын аймактардагы оторчулукка каршы көтөрүлүш жөнүндөгү архивдик жана башка

тарыхый булактарга караганда, Анжыяндын Миң-Төбөсүндөгү топтогулардын саны 800дөн ашканы, алардын 600ү жөө, 250 атчан болгону айтылат. Ал эми Токтогул акындын ырларында көтөрүлүшкө 600дөй адамдын катышканы, андагы орус оторчул аскерлери тарабынан атылган элдин мүшкүлү, "адамдын каны селдей агылды" деген саптар аркылуу көркөм сүрөттөлгөнүн диссертант белгилейт.

Ал эми 1916-жылдагы улуттук-боштондук кыймылынын элдик оозеки маалыматтарда чагылдырылышы тууралуу диссертант өз пикирин элдик оозеки чыгармалардын өрнөктөрү жана башка салыштырма маалыматтар аркылуу тактайт.

Маселен, Кетмен-Төбөдөн кеткен эле 62 кишиден, тарыхый булактарда айтылгандай чындап эле 62 киши сүргүнгө айдалгандыгы такталган.

Ошону менен катар эле элдик оозеки чыгармалардагы "жарым пааша, ак пааша" деген маалыматтар орус падышалыгынын оторчул аскердик бийлигинин оторчул саясатынын өзгөчөлүктөрүн көрсөтөөрүн, бул — элдин тарыхый эс тутуму аркылуу чагылдырылгандыгын диссертант белгилейт.

Аны менен катар эле 1916-жылдагы окуяларды да иликтеп, кыргыздын ак сөөктөрүнүн ролу да чоң болгонун жана да кыргыз эли мамлекеттүүлүк үчүн аракеттенгенин элдик оозеки булактар менен тастыктоого аракеттенген.

Диссертациялык эмгекте бир топ элдик оозеки маалыматтар элдик айтуучулардан диссертант тарабынан жыйналгандыгын өзгөчө белгилөө алгылыктуу.

**6. Диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынган ургаалдуу маселелерди чечүүдө, иштин илимий жыйынтыктарын чыгарууда эмгектин ички биримдигин жана багыттуулугун баалоо.**

С.А. Наркеев даярдаган кандидаттык диссертацияда буга чейин этнограф катары диссертациялык деңгээлде атайын изилденбеген оозеки эл чыгармачылыгына таандык булактар көңүл борборунда турат. Дал ушул булактардын маалыматтары аркылуу оторчулук доорунун ар кыл аспекттери ырааттуу иликтөөгө алынган.

Бул ырааттуулукка ылайык колдонулган бай фольклордук маалыматтар жазма маалыматтарга салыштырылып, системалаштырылып, анын негизинде жаралган бүтүмдөр жана жаңычыл ойлор диссертациялык эмгектин бардык бөлүмдөрүн бир бүтүн кылып бириктирип турат.

Заманбап кыргыз этнография илиминде буга чейин жеткиликтүү изилденбей жаткан баалуу элдик оозеки материалдарды атайын талдоого алуу — тарыхнаамабыздагы жаңычыл багыт болуп саналат.

**7. Диссертациядагы жетишилген илимий жыйынтыктардын практикалык мааниси.**

Диссертациялык эмгектин илимий жыйынтыктары тарых, этнография, фольклористика, маданият таануу, кыргыз таануу тармактарындагы келечектеги изилдөөлөрдө колдонулууга тийиш. Мектептерде, кесиптик орто жана жогорку окуу жайларында сабак өтүүдө бул эмгектин материалдары көмөкчү болот.

Андан тышкары XIX к. соңу — XX к. башындагы Кыргызстандын жана Борбордук Азиянын тарыхын жаңыча баяндап жазууда тийешелүү бөлүмдөргө диссертациянын материалдары колдонулушу мүмкүн.

**8. Диссертациянын жыйынтыктарынын жана корутундусунун автордун тематика боюнча жарыялаган эмгектеринде тастыкталышы.**

С.А. Наркеев кандидаттык диссертациясынын темасына байланыштуу 7 илимий макала жарыялаган. Алар Кыргыз Ресиубликасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын талаитарына жооп берет.

**9. Диссертациянын мазмунундагы жана текстимндеги айрым кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар.**

Албетте, С.А.Наркеевдин каралып жаткан кандидаттык диссертациясында айрым мүчүлүштөр да орун алган.

Мисалы, айрым оозеки чыгармалар кээде тигил же бул кишиге таандык деп айтыла берет. Аларды заманасына ылайык текстологиялык ж.б. тактоо керек. Токтогул Сатылган уулуна таандык деп кийин гана таңууланган таптык көз карашка байланыштуу ыр саптарынын автору — 1930-жылдардагы (Токтогулдун көзү өткөндөн кийинки) редактору болчу деген шектенген көз караштарды да

эске алуу керек эле. Андай тарыхый жактан нонсенс болгон учурларды атайылап белгилөө керек болчу.

Жанрдык жактан да айрыкча тактоо керек. Кээде жазгыч акындардын чыгармаларын да төкмө акындардын оозеки чыгармаларынын арасында бергенде, мындай акындын "жазгыч" экенин баса белгилеш керек эле.

Мисалга алсак, "...Тарыткан менен жеринди / Арзан баа кылды эгинди" деген саптарды Молдо Кылыч төкмө катары (оозеки айткан эмес, ыр дептеринде жазып калтырган.

Диссертациялык эмгекте коңшу пост-советтик мамлекеттердеги заманбап тарыхнаамада, этнографияда жана фольклор таануудa аталган доордун фольклордук мурасын тарыхчы катары изилдөөдө алгылыктуу жаңылыктар, саамалыктар болгонун өзбек, казак сыяктуу тилдердеги илимий адабиятка да шилтеме кылуу менен сереп салуу керек болчу.

Айрым элдик чыгармалар башка тилдерге которулганда так эместик кетсе, интерпретациялык жактан катачылыктар байкалса, аларды да диссертацияда мисал кылып көрсөтө кетүү алгылыктуу.

Элдик оозеки чыгармаларды изилдөөдө сталинчил көз караштар кыйла жолтоо болгондугу, ал түгүл большевиктик көз караштарга ылайык келбеген чыгармалар эч жыйналбагандыгы, ал түгүл өрттөлүп жок кылынгандыгы тарыхнаамалык параграфта өзгөчө белгиенеиши абзел.

Салыштырма иликтөө деген нерсе — башка мамлекеттерде жашаган кыргыздардын оозеки чыгармачылыгынын үлгүлөрүн да салыштырып кароого милдеттендирет. Мисалы, оогандык Памир кыргыздарынын "оруска оюңду бербе, ооганга тоюңду бербе" деген ыр саптарын француз тилчиси жана этнографы Реми Дор жазып калтырган. Мындагы "оруска оюңду бербе" сөзү "большевиктик идеологияга берилип кетпе" дегенди туюнтат. Памирлик жана жызактык кыргыздардын оозеки мурасы, өлөңдөрү да салыштыруу үчүн маанилүү.

Алымкул лашкер башы, Полот хан жөнүндө өзбек элинин оозеки жана жазма адабиятында, жалпы чагатай жазма адабиятында да маалымат бар (мисалы, теги кыргыз болгон баткендик тарыхчы Магзуни / Зиябидин Максым

жазган кокон тарыхы тууралуу 1992-жылы гана илим чөйрөсүнө дайын болгон жазма эмгекти алалык); андай булактардын маалыматын да салыштырып көрсөтө кетүү диссертациянын маңызын ого бетер арттырат.

Бул диссертациялык эмгекте чет элдик (Батышта, Жапонияда, Кытайда ж.б.) акыркы чейрек кылымда чыккан оторчулук доор тууралуу илимий макалаларга да астейдил мамиле жасалышы абзел болчу, бирок мында да өксүктөр байкалат.

Кыргызстанды "Орусияга каратылды" деп жазуу абзел, жалпы эле Борбордук Азия падышалык тарабынан аскер күчү менен каратылып алынгандыгы — факт.

Диссертацияда стилистикалык жаатта жана айрым грамматикалык каталар орун алган. Аларды акыркы вариантта сөзсүз оңдоп коюуну сунуш кылабыз. "Колониалдык" дебестен, илимге кирген "оторчулук" ж.б. сөздөрүн тартынбастан колдоно берүү керек. Шилтеме жасалганда да тактык зарыл.

Орун алган айрым мүчүлүштүктөргө карабастан, С.А.Наркеевдин кандидаттык диссертациясы КР ЖАКтын талаптарына ылайык өз алдынча жазылган илимий иш деп эсептелет.

**10. Жетектөөчү мекеме жана расмий оппоненттер жаатындагы сунуш**.

С.А.Наркеевдин кандидаттык диссертациясына талдоо кылчу жетектөөчү мекеме катары Ош мамлекеттик университетин сунуштайбыз. Изилденип жаткан доордун тарыхынын көйгөйлөрүнө байланыштуу ар тараптуу иликтөөлөр жарыялаган адистер бул университетте жетиштүү.

Ал эми расмий оппонент катары XIX к. — XX к. башындагы Кыргызстандын этнографиялык булактарын мыкты талдаган адистер — тарых илимдеринин доктору, профессор Чолпон Жапарбековна Турдалиеваны жана тарых илимдеринин кандидаты, доцент Октябрь Эркинович Капалбаевди сунуштаар элек.

**11. Диссертациялык эмгек жаатында корутунду сунуш**.

Изденүүчү С.А.Наркеев даярдаган бул эмгектин дурус жана жаңычыл жагы — XIX к. экинчи жарымы — XX к. башындагы XIX к. соңу — XX к. башындагы падышалык оторчул мезгилдин ар кыл өңүттөрүн кыргыз тилиндеги оозеки фольклордук маалыматтардын негизинде кандидаттык диссертация деңгээлинде

алгачкы ирет кыргыз тарыхчысы тарабынан комплекстүү кароо аракети болуп саналат. Этнографиядагы мындай фольклор таануу өнүттөрү айрыкча зарыл.

Ошондуктан С.А.Наркеев даярдаган кандидаттык диссертациялык эмгекти диссертациялык кеңеште ачык коргоого сунуштайбыз.

**Кыргыз Улуттук Илимдер Академиясынын Б.Жамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтунун жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетинин алдындагы Д.07.18.574. Диссертациялык Кеңеш уюштурган Эксперттик комиссиянын төрагасы:**

тарых илимдеринин доктору,
КУУнун профессору: **Т.К.Чороев (Чоротегин)**

24.02.2020.

Бишкек шаары, Кыргызстан

Чороев Т.К. колун тастыктайм
АРО башчысы: /Курманова Н.Б./

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

Входящий 04-8/2
22.02.2021.
Ученый секретарь Диссовета
Д.07.21.628 А.З.Жапаров

**Кыргыз Улуттук Илимдер Академиясынын Б. Жамгерчинов атындагы Тарых жана маданий мурастар институтунун жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетинин алдындагы Д.07.18.574. Диссертациялык Кеңешке тарых илимдеринин кандидаттыгын изденип алуу үчүн жазылган Наркеев Сапарбек Анарбековичтин «Элдик оозеки чыгармалар орус колониализми боюнча тарыхый булак катары (XIX кылымдын экинчи жарымы)» темасына эксперттик комиссиянын төрайымы, т.и.д., БААУинин профессору Чолпон Жапарбековна Турдалиеванын**

## ЖЫЙЫНТЫГЫ

**Илимдин тармактарына жана диссертациянын адистигине шайкеш келүүсү**

Наркеев Сапарбек Анарбекович тарабынан сунушталган диссертациянын темасы: «**Элдик оозеки чыгармалар орус колониализми боюнча тарыхый булак катары (XIX кылымдын экинчи жарымы)**» адистиги боюнча диссертациялык кеңештин адистигине толук жооп берет. Бул эмгектин адистиги: 07.00.07. – этнография, этнология, антропология адистигине жооп берүү менен бирге эле XIX кылымдын экинчи жарымы жана XX кылымдын башындагы орус падышачылыгынын колониалдык саясатын, колониалдык бийлигин элдик оозеки чыгармаларда чагылдырылышы изилдөөгө алынган. Изилдөөгө алган теманын актуалдуулугу эч кандай күмөн жаратпайт. Анткени биринчиден, Кыргызстандын жана кыргыз тарыхында колониалдык доор боюнча кыргыз элдик оозеки чыгармалар алгач ирет өз алдынча этнографиялык жана тарыхый булак катары колдонулган. Экинчиден, аталган диссертацияда Кыргызстандын жана кыргыз урууларынын Россия империясына кошулушун тынчтык жана тынчтык эмес, ыктыярдуу жана аргасыздан кошулушун диссертацияда далилдүү, жаңы багытта караганга аракет жасалган. Үчүнчүдөн, диссертант оозеки булактарда

кыргыз элинин падышачылыктын жана колониалдык бийликтин таасири астында болгондугун алып чыкканга аракеттенген.

Диссертациянын алдына коюлган талаптар негизинен төмөнкүдөй маселелерди чечкен:

- Кыргыз элине жана акындарына тиешелүү булактарды комплекстүү анализге алган;

- КРнын Россиянын колониалдык дооруна таандык кыргыз фальклорунун жанрларын жана адабиятында чагылдырылышын негизинен ачып бере алган.

- Кыргыз элдик оозеки чыгармалары тарыхый булак катары падышалык бийликтин колониалдык башкаруусун эксплуатациялык жана басып алуучулук деп мүнөздөгөн.

- Агартуучу акындар Токтогул, Тоголок Молдо, Молдо Ныяз жана заманчы акындардан Калыгул Бай уулу, Арстанбек Буйлаш уулу жана Молдо Кылычтын ырлары уруу башчылар Ормон, Үмөтаалы, Балбай, Осмон ж.б. туралуу айтылган оозеки тарыхый булак катары илимий жактан анализге алынган. Эмгекте бир топ тарыхый булактар жана адабияттар анализге алынгандыгы менен өзгөчөлөнүп жана классификациялангандыгы менен айырмаланып турат.

Автор Кыргызстандын аймагында падышачылыктын колониалдык саясаты кыргыз элдик оозеки чыгармаларында чагылдырылышын ишенимдүү түрдө комплекстүү анализге алган. Айрыкча 1898-жылдагы жана 1916-жылдагы колониализмге каршы улуттук-боштондук көтөрүлүштүн рухий-идеологиялык куралы катары колдонулганын ачып бере алган.

Бирок иште бир топ жетишкендиктер менен катар эле, изденүүчүгө төмөнкүдөй сунуштарды каалар элем:

1. Авторго булактарды жанры боюнча классификациялоо зарыл: булактарды айтуучулар, макал-лакаптар, ырлар, кошоктор жана инсандарга тиешелүү ырлар;

2. Иште тарыхый булактарга шилтемелер берилбей калган айрым бир жерлер кездешет;

3. Диссертант 11-бетте кыргыз авторлорунун айткандарын биринчи карап чыгып, андан кийин гана орус саякатчыларын жана изденүүчүлөрүнө токтолушу керек;

4. 11-18-беттерде теманынын тарыхый булактарын жана тарыхнаамаларын хронологиялык жактан классификациялап талдоо же проблемалык-тематикалык принциптин негизинде кароо зарыл;

5. 56-58-беттерде автор элдик оозеки чыгармаларда Пишпекти падышалык армиянын каратып алуусун жана Кокондуктардын каршылык көрсөтүүсүн ачып көрсөткөн. Бул эпизодду автор өзүнчө параграф катары алып чыкса болмок. Анткени бул материал өтө кенен жана өтө маанилүү.

6. Диссертацияны жалпы жыйынтыктоодо толугу менен кенен жана терең мазмунун жана жыйынтыгын ачуу керек. Жыйынттыктоонун актуалдуулугунда элдик оозеки чыгармалардын актуалдуулугун жана айтуучулардын айткандарын, уруу башчыларынын жана агартуучулардын колониалдык доордогу башкаруу жөнүндө айткандарын жана анын кыргыз элине тийгизген таасирин жыйынтыктоо аркылуу тереңдетүү керек.

Жогорудагы берилген жыйынтыктардын негизинде Наркеев Сапарбек Анарбековичтин «Элдик оозеки чыгармалар орус колониализми боюнча тарыхый булак катары (XIX кылымдын экинчи жарымы)» кандидаттык диссертациялык ишин Кыргыз Улуттук Илимдер Академиясынын Б. Жамгерчинов атындагы Тарых жана маданий мурастар институтунун жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетинин алдындагы Д.07.18.574. Диссертациялык Кеңешке жактоого сунуш кылам.

Борбордук Азиядагы Америка
университетинин профессору, т.и.д. Ч.Ж. Турдалиева

Входящ. 04-8/3
24.02.2021.
Ученый секретарь Диссовета Д.07.21.628
А.З. Жапаров

Наркеев Сапарбек Анарбековичтин "07.00.07 - этнография, этнология жана антропология" адистиги боюнча **"Элдик оозеки чыгармалар – орус колониализми боюнча тарыхый булак катары (XIX к. экинчи жарымы)"** деген темада тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясынын кол жазмасына эксперттик кеңештин мүчөсү А.З. Жапаровдун

**КОРУТУНДУСУ**

Наркеев Сапарбек Анарбековичтин диссертациясынын кол жазмасын окуп чыгып, төмөндөгүлөрдү белгилөөгө болот:

**1. "07.00.07 - Этнография, этнология жана антропология" адистиги боюнча даярдалган иштин *Д 07.18.574* Диссертациялык кеңешинин кароосунда коргоо укугуна дал келиши.**

Изденүүчү **С. А. Наркеевтин** аталган темада жазылган кандидаттык диссертациясы Улуттук илимдер академиясынын Б.Джамгерчинов атындагы Тарых институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча ***Д 07.18.574*** Диссертациялык кеңешинин профилдик багытына туура келет.

Каралып жаткан диссертациялык иште XIX к. экинчи жарымы XX к. башындагы доордогу социалдык, саясий маселелердин айрым жактары элдик оозеки чыгармалардын негизинде иликтөөгө алынган. Жазылган диссертациянын мазмуну 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистигинин паспортуна толук төп келет.

Илимий иштин максаты катары автор, Россия империясынын кыргыз жеринде жүргүзгөн колониалдык саясатынын элдик оозеки чыгармаларда чагылдырылышын системалуу түрдө иликтөөгө алууну аныктаган. Максатка жетүү үчүн изденүүчү тарабынан бир катар милдеттер коюлган.

Диссертациянын **этнографиялык объектисин** кыргыздардын Россия имериясынын курамына киргенден кийинки мезгилдеги элдин эс тутумунда сакталган административдик-колониялдык саясатты, социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдү, падышачылык бийликке каршы толкундоолорду оозеки чыгармалардын базасында талдап чыгуу түзгөн. Иштин объектиси жана предмети – "07.00.07 - этнография, этнология жана антропология" адистигинин мазмунуна жана ага коюлган талаптарга жооп берет.

**2. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу тууралуу, башкалар менен катар төмөндөгүлөр көрсөтүлгөн:** Россия падышачылыгынын кыргыз элин каратып алуусун изилдөөдө, жергиликтүү элдин оозеки чыгармаларына, эскерүүлөрүнө таянуу менен тарыхый-этнографиялык, тарыхый салыштармалуулук жактан анализ жүргүзүү учурдун талабы болуп саналат. Себеби, ошол мезгилдерде болуп өткөн, адамдардын жашоо-турмушуна таасир берген окуялардын "негизги өзөктөрү" элдик оозеки

чыгармаларда, айтымдарда чагылдырылган. Эл көргөндөрүн, билгендерин, уккандарын ырлар, баяндамалар, эскерүүлөр аркылуу муундан-муунга айтып келишкен. Ошого байланыштуу кыргыз элинин тарыхый эс тутумдарына таянып көңүл бөлсөк, анда XIX кылымдын экинчи жарымы – XX кылымдын башында империянын колониалдык саясатынын таасири астында жергиликтүү элдин коомдук аң-сезими жана социалдык-экономикалык абалы, өзгөрүүгө дуушар болгондугун байкоого болот. Ал кыргыздардын улуттук баалуулуктарына жана мамлекеттүүлүгүнө, эркиндикке карай умтулууларынын башталышы менен коштолгон. Ошол доордогу айтылган элдик оозеки чыгармалардагы азаттык, эркиндик, теңсиздик тууралуу ойлордун ырларда айтылышы тарыхый окуялар менен дал келгендиги менен өтө баалуу болуп саналат. Ал эми Россиянын колониалдык саясатынын прогрессивдүү жактары менен бирге эле терс жактарын элдик оозеки чыгармаларга таянуу менен иликтөөнүн илим үчүн мааниси чоң.

**3. Илимий жыйынтыктар.** Диссертациялык иште бир нече жаңы тарыхый, этнографиялык жыйынтыктар фольклордук материалдарды иликтөөнүн негизинде чыгарылган. Алардын айрымдары төмөнкүлөр:

- кыргыздардын көрүнүктүү тарыхый инсандарынын ичинде Россия падышачылыгынын колониалдык бийлигине моюн сунгусу келбеген кол башчылары жана жол башчылары, ошол эле учурда саясий кырдаалга жараша аракеттенгендери болгондугу элдик оозеки чыгармаларда так чагылдырылган;
- падышачылыктын колониалдык саясатынын маңызын, өзгөчөлүктөрүн иликтөөдө элдик оозеки чыгармаларды булак катары тартуу маанилүү;
- Кокон хандыгында адилеттүү мамлекеттик бийлик орнотууга, Россия империясынын баскынчылыгына каршы кыргыз элинин жана анын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн жасаган аракеттери тууралуу элдик оозеки чыгармалар кызыктуу маалыматтарды бере алат;
- акындардын ырларынан, эл арасында тараган башка фольклордук чыгармалардан империялык Россияга кошулгандан кийинки малдын сатыкка чыгарылышынын артышы, базарлардын негизделиши сыяктуу башка дагы бир катар социалдык-экономикалык, маданий турмуштагы өзгөрүүлөрдүн дагы чагылдырылганын көрөбүз;
- фольклордук материалдар, падышачылыктын башкаруу саясатында болуш, бий институттары, сот системасы аркылуу элдин турмушун кысымга алгандыгын айгинелеп турат;
- орус падышычылыгына каршы күрөшүү, мамлекеттүүлүк, азаттык идеяларынын кыргыз-казак акындарынын ырларынын мазмунундагы жалпылыктар бул элдердин улуттук-боштондук күрөштөрүндө бирге болгонунан кабар берет.

**4. Диссертациядагы ар бир жыйынтыктын жана корутундунун (илимий жоболордун) негиздүүлүгүнүн жана ынанымдуулугунун деңгээли.** Ар бир жыйынтыкты негиздүү далилдөөгө далалат жасалган. Фольклордук материалдарды изилдөөдө С. А. Наркеев тарабынан колдонулган изилдөө ыкмалары диссертациялык иштин максатын жана милдеттерин ишке ашырууда өбөлгө болгон.

**5. Диссертациялык иштеги ар бир илимий жыйынтыктын (жобонун), корутундунун жаңычылдыгынын деңгээли.** Каралып жаткан теманын илимий жыйынтыктарынын жаңычылдык деңгээли катары төмөнкүлөрдү белгилеп кетүүгө болот.

Диссертацияда Кыргызстандын аймагындагы Россия падышалыгынын колониалдык саясатын элдик оозеки чыгармаларга таянып илимий анализ жүргүзүү, салыштыруу жана изилдөөгө алуу аракети жасалган алгачкы аракеттердин бири. Мында Молдо Нияз, Арстанбек Буйлаш уулу, Молдо Кылыч, Алдаш Молдонун чыгармаларындагы колониалдык мезгилдеги социалдык-экономикалык, саясий, маданий турмуштагы жүрүмдөр, өзгөрүүлөр жана аларга карата жергиликтүү элдин мамилеси тарыхый-этнографиялык талдоого алынган. Аларга падышачылыктын жүргүзө турган саясаты, экономикалык өзгөрүүлөр, элдин турмушуна кирген жаңылыктар, кыргыздардын жерлеринин тартылып алынышы, келгиндердин отурукташып кыштактардын салынышы, сот системасындагы паракорчулук, мамлекеттүүлүк үчүн күрөшкөн инсандар, Анжиян көтөрүлүшү жана 1916-ж. Улуттук боштондук кыймылы ж.б. окуялар, көрүнүштөр кирет.

**6. Диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынып чыгылган актуалдуу маселелерди чечүүдө, иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдигин жана багыттуулугун баалоо.**

С.А. Наркеевтин диссертациясында, булактык өзөгүн түзгөн элдик оозеки чыгармалар аркылуу, колониалдык саясаттагы, ал доордогу жүрүмдөрдөгү оң жана терс көрүнүштөр тарыхый-этнографиялык жактан изилденген. XIX к. экинчи жарымы XX к. башындагы кыргыз элинин турмушундагы, маданиятындагы өзгөрүүлөр боюнча айрым жаңы ой-пикирлер айтылган.

Автордун жекече салымы илимий изилдөөнүн жүрүшүндө каралган маселелердин бардык аспектилери боюнча изилдөөчү тарабынан чогултулган материалдардын системага келтирилишинен байкалып турат.

Диссертация өз алдынча аткарылган илимий изилдөө катары кабыл алууга болот. Анын жыйынтыктары жана илимий жоболору автор тарабынан өз алдынча иштелип жетишилген. Кыргыз этнография илиминде дагы эле жеткиликтүү изилдениле элек баалуу элдик оозеки материалдар талдоого алынып, конкреттүү жыйынтыктар чыгарылган.

**7. Диссертациядагы жетишилген илимий жыйынтыктардын практикалык мааниси.** Диссертациялык эмгектин жыйынтыктары тарых,

этнография, фольклористика, маданият таануу тармактарындагы келечектеги изилдөөлөрдө колдонууга болот. Мектептерде, кесиптик орто жана жогорку окуу жайларында сабак өтүүдө жардамы тийет. Калың катмардагы окуучулар үчүн популярдуу эмгектерди жаратууда, радио, теле берүүлөрдө да эмгектин өзөктүү жоболорунун практикалык мааниси бар.

**8. Диссертациянын жыйынтыктарынын жана корутундусунун автордун тематика боюнча жарыялаган эмгектеринде тастыкталышы.** С.А. Наркеев диссертациясынын темасына байланыштуу 7 илимий макала жарыялаган. Алар Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын талаптарына жооп берет.

**9. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар. С. А. Наркеевтин** диссертациялык ишинде жогоруда көрсөтүлгөн жетишкендиктер менен катар кемчиликтер да орун алган.

1. Эмгекте колдонулган элдик оозеки чыгармаларды анализдөө жагын мындан дагы тереңдетүү зарыл.
2. Киришүүнүн көлөмү КР ЖАК тарабынан коюлган талаптан ашып кеткен, структурасында оңдоп-түздөй турган жактар бар. Изилдөө объектиси, жаңычылдык, коргоого алып чыгып жаткан жоболорду так бериш керек.
3. Диссертациянын негизги мазмунунда колдонгон адабияттардын реквизиттерин толук жазыштын кажети жок. Алар акырында жайгаштырылат. Канча нускада чыккандыгын көрсөтүү да зарыл эмес.
4. Бийик пафостогу сөздөрдү колдонгон, идеологиянын таасиринде калган жерлер кезигет.
5. Тарыхнаамада айрым илимий эмгектерди дагы тартуу менен (Б. Кебекова, А.Карыева, С. Абашин, Г. Абдалиева ж.б.) аларга баяндама берүүнү күчөтүү зарыл.
6. Стилистикалык жана грамматикалык мүчүлүштүктөр орун алган.

Орун алган айрым мүчүлүштүктөргө карабастан, С.А. Наркеевдин диссертациясы КР ЖАКтын талаптарына ылайык өз алдынча жазылган илимий иш деп эсептеп, аны ачык коргоого сунуш кылса болот.

**Комиссиянын мүчөсү:** **А.З.Жапаров**

22.02.2020.
Бишкек шаары,
Кыргыз Республикасы.

Входящ. 04-8/4
24.02.2021.
Ученый секретарь диссовета
Д.07.21.628 А.З. Жапаров